DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

*Нишанбаева М.А.*

# АДЕПТҮҮЛҮК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БАСКЫЧЫ ЖАНА РУХАНИЙ КӨӨНӨРБӨС ДӨӨЛӨТТӨРҮ КАТАРЫ

*Нишанбаева М.А.*

# НРАВСТВЕННОСТЬ КАК ОСНОВНАЯ СТУПЕНЬ В ОБРАЗОВАНИИ И ДУХОВНОЕ БОГАТСТВО

*M.A. Nishanbaeva*

# MORAL EDUCATION AS BASIS FOR FORMATION OF KNOWLEDGE AND SPIRITUAL WEALTH

*УДК: 37.017*

*Бул макала тарбия маселелерине арналат. Таалим-тарбия маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин көңүлүнүн чордонунда турушу зарыл. Анткени тарбия адамзат, улут социум топтогон социалдык тарыхый тажрыйбаны, маданияттын руханий адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы. Ата-бабаларыбыздын салтка айланткан коллективдик-корпоративдик адеп-ахлагынан алыстоодобуз. Өспүрүмдөр бүгүнкү замандын «экран маданиятына» көбүрөөк пайдаланышып, ал эми китеп окуу маданиятына уламдан-улам алысташууда. Азыр жаштардын интеллектик, маалыматтуулук кругозору өнүгүп, ал эми руханий-ыймандык өнүгүү жагынан артта калып жатышат. Коомдогу өтмө-катыштык жол жобосун жүзөгө ашырып турган улуу күч-тарбия механизми аркылуу гана коом коом катары сакталат жана келечекке карай илгерилип өнүгөт. Макалада адептүүлүк билим берүүнүн негизги баскычтары жана руханий көөнөрбөс дөөлөттөрү катары каралды. Ошондой эле, тарбия берүү адамзаттын улуттук каада-салттардын нарк-нускаларынын баалуулуктары баса белгиленген. Маданияттын руханий адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүп берүү жактары макалада каралды.*

***Негизги сөздөр:*** *каада-салт, урп-адат, ата-эне, тарбия, элдик нарк-нускалар, руханий баалуулуктар, адеп-ахлак, муун, мурас, көөнөрбөс дөөлөттөр.*

*Проблема духовно-нравственного воспитания подрастающего поколения одна из приоритетных проблем современного общества. В условиях ускоренной глобализации и модернизации современного общества важно сохранить у подрастающего поколения веру в реальные возможности своей страны. Необходимость заострения внимания на нравственно-духовном воспитании обусловлена общегосударственной потребностью. Образование является одной из долгосрочных стратегий, которая обеспечивает позитивное взаимодействии в условиях глобализации. Нравственное воспитание осуществляется на протяжении всей жизни с учетом среды - семья, друзья, школа, организация. Нравственное воспитание имеет свою специфику. Прежде всего, влияет на формирование представлений понятий, суждений, оценок и на этой основе формирование нравственных убеждений, способствует обогащению, собственного опыта, самовоспитанию личности. Развитие личности включает формирование потребностей: в труде, общении, освоении культурных ценностей, развитии способностей разных направлений. Эти потребности развиваются в процессе деятельности. Данная статья посвящается к воспитательной проблематике. В статье раскрываются основы нравственного воспитания в процессе обучения. А также анализируется влияние народных традиций и обычаев на нравственное воспитание молодежи.*

***Ключевые слова:*** *традиции, обычаи, семья, родители, воспитание, народная мудрость, духовные ценности, нравственное воспитание, молодежь, бесценный.*

*The problem of spiritual and moral education of the younger generation is one of the priority problems of modern society. In the conditions of accelerated globalization and modernization of modern society, it is important to keep the younger generation in faith in the real possibilities of their country. The need to focus on moral and spiritual education is due to the nationwide need. Education is one of the long-term strategies that ensures positive interaction in the context of globalization. Moral education is carried out throughout life, taking into account the environment - family, friends, school, and organization. Moral education has its own specifics. First, it influences the formation of ideas of concepts, judgments, and assessments and on this basis the formation of moral convictions, contributes to the enrichment of one's own experience, self-education of the individual. Personality development includes the formation of needs: in work, communication, learning cultural values, the development of abilities in different directions. Personality development includes the formation of needs: in work, communication, learning cultural values, the development of abilities in different directions. These needs develop in the process of activity. This article is devoted to educational issues. The article reveals the basics of moral education in the learning process. It also analyzes the influence of folk traditions and customs on the moral education of young people. This article is devoted to educational issues. The article reveals the basics of moral education in the learning process. It also analyzes the influence of folk traditions and customs on the moral education of young people.*

***Key words***: *traditions, customs, family, parents, upbringing, popular wisdom, spiritual values, moral education, youth, invaluable.*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Таалим-тарбия маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин көңүлүнүн чордонунда турушу зарыл. Анткени тарбия адамзат, улут социум топтогон социалдык тарыхый тажрыйбаны, маданияттын руханий адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы. Коомдогу өтмө-катыштык жол жобосун жүзөгө ашырып турган улуу күч-тарбия механизими аркылуу гана коом-коом катары сакталат жана келечекке карай илгерилип өнүгөт. Тарбиялоо – бул коомдун мүдөөлөрүнө жана муктаждыктарына жараша адамдын адеп-ахлак сапаттарын калыптандыруу боюнча максатка багытталган, план ченемдүү иш «Мамлекет өз жандарынын руханий адамдарды калыптандырышына коомдук көрүүгө милдетүү. Руханиятсыз адам коому – бул макулуктардын коому», болуп калат деп эсептешкен [1].

«Заман адегенде ушундай таптаганга жараша түшүм берет кызылдай, тарбияңа жараша, уулуң болот замана», «Билбегенин билгизип, минтип жолго салалы» (Манас эпосунан), «Блаланы жамандан адаштыр, жакшыга жанаштыр» (Эл макалы). Элдик педагогика илгерттен бери карай коомдогу таалим-тарбиянын ролун ар дайым көсөмдүк менен аныктап, ага чечүүчү маани берип келген.

Эгемендүү Республикабыз, мамлекетибиз коомдун коом катары, калктын калк катары сакталышына жана өнүгүшүнө тирек-таяныч болуп берчү, андагы таалим-тарбия ишине багыт катары кызмат кыла турган өзүнүн социалдык-философиялык, моралдык-этикалык, руханий-патриоттук дөөлөттөрүнүн системасын иштеп чыгып, аны муундардын социалдашуусун кызматына чечиши керек. Ушундай шарт татарбиячылардын жетеке ала турган, ориентир тута турган, жогорку идеясы жана идея пайда болот. Ошол жогорку норма өрнөктөргө, идеяларга умтулуу, аларды реалдуулукка айландыруу, практикада жүзөгө ашыруу таалим тарбия ишмердигинин башкы мүдөөсү негизи максаты болуп калат. Ушундай башкы мүдөө, кыймылдын негизги вектору аныкталса гана. Таалим-тарбия ишин максатка багытталаган түрдө уюштурууга болот. Системалуу алып барууга мүмкүндүк түзүлөт [2].

Бүгүн коомубуздун адеп-ахлак кризисине дуушар болгону чындык. Республикада коррупция илдети күчөп, күчүнө туруп жатат. Мектептерде рэкет орусу каптагандыгы белгилүү. Расмий статистика боюнча өспүрүмдөрдүн жана жаштардын арасында кылмыштуулук улам өсүүдө. Өспүрүмдөрдүн анкеталык жооптору негизинен «акча», «пайда», «бийлик-байлык» жеке атак-даңк» сыйактуу түшүнүктөрдүн тегерегинде айланчыктап турат. Аларда турмушка жана адамдарга карата прагматикалык-пайдакечтик, өзүмчүл мамиле күч алууда. Ата-бабаларыбыздын салтка айланткан коллективдик-корпоративдик адеп-ахлагынан алыстоодобуз. Өспүрүмдөр бүгүнкү замандын «экран маданиятын» көбүрөөк пайдаланышып, ал эми китеп окуу маданиятына уламдан-улам алысташууда. Азыр жаштардын интеллектик, маалыматтуулук кругозору өнүгүп, ал эми руханий-ыймандык өнүгүү жагынан артта калып жатышат. Кыргыз Республикасына мамилекетине өз мекенин, Ала-Тоо Ата-Журттун, анын эгемендүүлүгүн, көз карандысыздыгын, өз алдынча мамлекеттүүлүгүн Эл-Журттун ички ынтымакбиримдигин эң жогорку дөөлөт деп эсептеген, муну менен сыймыктанган өз эне тилин сүйгөн, калкынын рух нарктарына моралдык кенчтерине, түптүү адатсалттарына аң-сезими жана жан-дүйнөсү терең сугарылган, элинин тарыхын мыкты билип, ата-бабалардын азаттык үчүн бактылуу турмуш үчүн болгон карман күрөшүп ичинен өрпөк туткан, өз мамлекетинин символдоруна. Гимн, Желекке, Гербге урматтап мамиле жасаган ошону менен бирге жалпы адамзаттык маданияттын гуманистик, адептик асыл-нарктарын өздөштүргөн демократиялык коомдун баалуулуктарын жана идеяларын урматтаган достуктун жана улут аралык ынтымактын туусун бийик кармаган көп, маданиятуу чөйрөдө жашоого жөндөмдүү, сабырдуу, ар намысы бийик эмгекчил атуул коррупцияга, баңгиликке жана башка терс моралдык илдеттерге каршы күрөштө активдүү граждандык позицияны туткан патриот жаран гана бекем тирек, таяна турган тоо бере алат. Ушундай атуулдук менталитет мекенибизди сактайт жана өнүктүрөт. Дал ушундай типтеги граждандык менталдуулукту, атуул патриотту, гуманистти жаратып калыптандырып өстүрүп чыгаруу өлкөбүздүн таалим-тарбия стратегиясынын башкы мүдөөмаксаты жана милдети болуусу талапка ылайык [3].

Элдин адептик жана руханий ыймандык нарк дөөлөттөрүн сактоого жаш муундарды ынандырууга адептик тарбия өз салымын кошуп келет. Элдин адептик жана маданий дөөлөттөрү тынымсыз өнүгүү абалында болуу үчүн эски менен жаңынын элементтерин дайыма терең тандап аны эске алуу менен элдик көөнөрбөс дөөлөттөргө басым жасоомсу керек. Адамдын адептүүлүгү жана акыл-парасаты, жүрүм-туруму башкаларга жасаган мамилеси аркылуу ыйман, адеп, тарбия дүйнөсүн ишенимин мүнөздөйт. Адептүүлүк тарбия адепти сактай билүү тарбия аркылуу элдин көөнөрбөс дөөлөттөрүнө таянып сый-урмат, наркнуска, ыйман баалуулуктарына карата мамилелешүүнү калыптандырууга болот. Кыргыз эл педагогикасында балдарды жаштайынан адептүүлүккө үйрөтүү жана аларды актуалдаштырылган көрүнүштөр бул накыл сөздөр [4]. Буга мисал катары адептүүлүк адам көркү, сөз адеби кымбат, «Адептүү алкыш алат, адепсиз каргыш алат» деген накыл-сөздөр макал-лакаптар аркылуу каргаздан көөнөрбөс дөөлөттөрүн байытып

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тарбия берүүнүн негизги багыты экендигине каралган. Ошондой эле каргаздын кылым карыткан тарыхында адамдын улуу сапаттары, асыл көрүнүштөрү көөнөрбөс дөөлөттөр аркылуу калыптанып өсүп өнүгүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Элдик педагогика аркылуу жаш муундарды кең пейилдүүлүккө, адамгерчиликке, улуулукка, бийик өнөргө багыт берип нарктуулук, барктуулук улуу сапат экендигин өзгөчө маани берген. Ал эми улуулар тарабынан айтылган сын-пикирди, улууларга урмат көрсөтүүнү, бул биздин көөнөрбөс дөөлөтүбүз деп эсептешкен [5,6]. Тарбия берүү системасында макал-ылакаптар, жомоктор, классикалык көркөм адабияттар, поэзия, учкул ойлор бул элибиздин көөнөрбөс дөөлөттөрүнөн калыптанышына шарт түзгөн. Адептик сезимдердин калыптанышына этиканын нормаларын өзүнүн жашоо абалына колдонуу жана маанисине өзгөчө көңүл бөлүү руханий баалуулуктарга байланыштуу. Адамдардын адептүүлүгү анын жасаган иштери менен мамилесинен байкоого болот деп улуу акылмандар тактоо киргизип келишкен. Ошондуктан адамзат пендесине тиешелүү адептүүлүк, ыймандуулук өзгөчөлүктөрү коомдогу жасаган иш аракетинен байкоого болот. Мындай учурда акылмандардын даана айткандарына кайрылсак “Адептүү - алкыш алат”, адепсиз - Ал эми баалуу каражат экендигин көрсөтүшкөн. Адеп жөнүндө накыл кептер адептик тарбиянын берүүдө кылымдык бай тажрыйбада топтоп адамдагы асыл сапаттарды калыптандырат. Адептик тарбия берүүнүн негизинде балдарды мекенчилдике, меймандостукка, айкөлдүккө тарбиялоонун баалуу каражаты деп эсептешкен. Эл ичинде улууларды урматоо, бардык жакшы санаалаштарына, жакшы тилектериди каалоо бул адамдардын бири-бирине болгон сый мамилеси деген түшүнүктү билдирген. Адамдагы акыл эстүүлүгүк, жөнөкөйлүк, кең пейилдүүлүк, сабырдуулук, адилеттүүлүк сыяктуу асыл сапаттар тарбиялоонун баалуулуктарын камтыйт. Балдарды мекенчилдикке табиялоо жана атамекенин манызы адептик барбия жана көөнөрбөс дөөлөттөр менен тыгыз байланышта. Балдардын эрдиги тайманбастыгы эзелтеден келе жаткан кылым карыткан элибиздин эрдиги, берген тарбиясы болуп эсептелеп. Мындай баатырдык жөрөлгөлөр, көрүнүштөр тээ илгертеден келе жаткан салттар муундан-муунга мурас катары калтырып келишкени ушул күнгө чейин таалим-тарбияны берүүнүн эң күчтүү каражаты катары пайдаланышкан. Бүгүнкү күндө адептик таалим-тарбия берүүнүн нарктуулугун жакшы тарбия алгандыгы менен байланыштырган. Ошол эле учурда улуу муундардын айткан акыл-нуска сөздөрү жашоонун өзөгү деп билишкен. Ал эми улуулар тарабынан айтылган сын-пикирге маани берип, аны туура талдап, өзүнүн кемчилдигин сезе билип, өз убагында түзөтүү киргизүү бул биздин берген талыкпаган тарбиябыздын үзүрү деп эсептесек болот. Адам өзү сезбеген, жашоонун манызын түзгөн ар кандай кырдаалдар бар, ага мисал катары “Ата мурасы соолубаган булак”, “Адептүүлүк адам көркү” - деген нускалуу кептери ата-энени сыйлоо, урмат-сый менен мамиле жасоо үй-бүлөдөгү ыймандык дөөлөттөрдү таанып билүүгө үйрөтүү адептик тарбиянын негизги максаты. Ал эми адамдардын жасаган иш аракетинен, сүйлөгөн сөзүнөн анын ким экендигин байкоого болот. Мындай адамдар адамдын бардык талаптарын туура аткарып, турмушта колдонгон адеп салттарын пайдалана билүү адептүүлүк көркү катары эсептелет. Адепке тиешелүү болгон адамдын жүрүм-турум эрежелерин жашоодо пайдаланууда көөнөрбөс дөөлөттөрдүн өзгөчөлүгүн баса белгилеп кетүүгө болот жана бардык ата бабаларыбыздан калган марастарды кеңири колдонуу балдардын адам катары калыптанышына терең көнүл бөлүү зарылдыгына көп токтолуу керек экендигине токтолдум. Адептик таалим тарбия берүү менен балдардын көз карашын, ааламды таанып билүү жөндөмдүүлүгүнө өзгөчө көнүл бөлүү зарылдык экендигин ачып көргөздүм. Элдин ынтымагын сактоого элдик каада-салттар, нарк нускалар, көөнөрбөс дөөлөттөрдүн баалуулуктары жөнүндө кенен токтолуп, макалдар, ооз эки чыгырмалар, эпостун каармандары алкылуу балдардык жашоого болгон кызытуусу жана жөндөмдүү калыптанышында өзгөчө таасирин тийгизет.

**Адабияттар:**


1. Акматов К. Тарбиялык сабактар. Башталгыч класстар үчүн 1-4-кл. - Б., 2018. - 284б.
2. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. - Б.: Шам, 2000. - 348 б.
3. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. - Б.: 2011. - 400 б.
4. Абдыманап Ш. Адеп Наамы. - Ош., 2005. - 146 б.
5. Алимбеков А. Кыргыз эл педагогикасындагы Адеп тарбиясы. - Б., 2018. - 112 б.
6. Исаков К., Акматов К.Адеп сабагын 6-класста окутуу. - Ош., 2007. - 132 б.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Абдулахамидова Б.Н.**